**Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү тууралуу отурумунун пресс-релизи**

Өтүп жаткан жылдын I чейрегинде КБИнин айкын деңгээли болжолдонгон деңгээлден 0,4 пайыздык пунктка жогору калыптанып, жылдык мааниде алганда 4,7 пайызды түзгөн, анын ичинде азык-түлүк боюнча айкын инфляция Улуттук банк тарабынан болжолдонгондон 1,0 пайыздык пунктка жогору түптөлүп, ал эми азык-түлүктөн башкалар боюнча инфляция тескерисинче, 0,1 пайыздык пунктка төмөн болгон. Тышкы таасирлердин кесепетинен сомдун нарксыздашынан улам инфляцияга негизги басым 2014-жылдын март айында байкалган: март айы ичинде инфляция 2,1 пайызды түзгөн, ошол эле учурда өткөн жылдардын март айлары ичинде анын орточо мааниси 0,7 пайыздан ашкан эмес. Сомдун нарксыздашы айрым импорттолуучу товарлардын кымбатташына алып келген. Сомдун нарксыздашынын инфляцияга түздөн-түз таасири Улуттук банктын чаралары аркылуу жөнгө салынган. Апрель айында валюта рыногундагы жагдай туруктуашкан.

Экономикалык өсүш арымы өтүп жаткан жылдын январь-март айларында 5,6 пайызды (2013-жылдын ушул эле мезгилинде - 8,8 пайыз), "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда реалдуу мааниде алганда ИДӨ 4,9 пайызды түзгөн (2013-жылдын тиешелүү мезгилинде - 6,4 пайыз). Бүтүндөй 2014-жыл ичинде экономикалык өсүш болжолдоолору Улуттук банктын мурдагы баа берүүлөрүнүн чегинде сакталууда.

Россия экономикасынын өсүшү басаңдагандыгы байкалган, бул өлкөгө акча которуулардын (доллар эквивалентинде) агылып кирүү көлөмүнө таасирин тийгизген. Алсак, доллар эквивалентинде акча которуулардын агылып кирүүсү төмөндөгөн, ал эми орус рубли номиналындагы акча которуулар көлөмү көбөйгөн, бул негизинен үй чарбалар тарабынан суроо-талаптын сакталып тургандыгын тастыктайт.

Мамлекеттик салык кызматынын алдын ала берген маалыматтары боюнча 2014-жылдын январь-март айларында түшүүлөр болжолдонгон 7,7 млрд. сомдун ордуна 6,4 млрд. сомду же пландагыдан 84,0 пайызды түзгөн. Өткөн жылдагыга салыштырганда салыктардын жана төлөмдөрдүн түшүүлөрү 32,2 млн. сомго же 0,5 пайызга көбөйгөн. 2014-жылдын январь-март айлары ичинде Мамлекеттик бажы кызматы боюнча бажы төлөмдөрү 7,7 млрд. сом суммасы чегинде болжолдонгон учурда ал 7,5 млрд. сом суммасын же пландагыдан 96,9 пайызын түзгөн. 2013-жылдын ушул эле мезгили ичинде өсүш арым 110,4 пайыз чегинде катталган же 701,6 млн. сомго ашык топтолгон.

Ошентип, бир жагынан алып караганда тышкы суроо-талаптын кыскарышы тобокелдигин, экинчи жагынан керектөө бааларынын өсүш тобокелдигинин жогорулап кетишин эске алуу менен Улуттук банк Башкармасы апрель айында эсептик ченди өзгөртпөстөн, аны 6,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алган. Ошого карабастан, инфляциянын келечектеги динамикасы эсептик чендин кайрадан кароого алынышына алып келиши мүмкүн.